С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик
университетинин илимий иштер боюнча
проректору, филология илимдеринин
доктору, профессордун м.а. А.С.Жантаев

"___" 09 2022-ж

**Кыдыралиева Айтикан Раимжановнанын "И. Бекбоевдин илимий жана педагогикалык-уюштуруучулук ишмердүүлүгү" аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына жетектөөчү мекеменин**

**ПИКИРИ**

Диссертациялык иш Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Кесиптик билим берүүнүн жалпы проблемалары борборунда аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Алимбеков Акматали педагогика илимдеринин доктору, профессор Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин педагогика кафедрасынын башчысы.

**I. Диссертациялык кеңешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет жана И. Бекбоевдин өмүр жолу жана педагог изилдөөчү катары калыптанышы кыргыз педагогика илиминин өнүгүш контекстинде биринчи жолу изилденди, И. Бекбоевдин республиканын мектептеринде математиканы окутуу методикасы боюнча изилдөөлөрүнүн илим менен практикадагы орду тарыхый педагогикалык аспектте ачылып көрсөтүлдү.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 91 "23" 09 2022
Окум. катчы:

**II. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Окутуу тарбиялоо жаатындагы адамзат топтогон ойлордун өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон окумуштуулардын өмүр жолу менен эмгектеринин маанисин изилдеп ачыктап берүү педагогика илиминин абалтан келе жаткан салттарынын бири. Мындай изилдөөлөр бир эле мезгилде окумуштуу жашаган мезгилдеги мектептер жана педагогика илиминин калыптаныш өзгөчөлүктөрүн таанып билүү жана конкреттештирүүгө өбөлгө болуп келген.

Арийне, ар кандай агартуучу педагогдун залкарлыгы анын таалим-тарбия мекемелеринин ишинин мазмунун өркүндөтүүгө кошкон салымы менен өлчөнүп бааланып келет. Ошону менен бирдикте улуттук тарыхтагы залкар инсандардын кишилик, адистик өрнөгү башкаларды ошондой эмгек жасоого дем бергени, багыттаганы менен баалуу.

Кыргыз педагогикасында ишмердүүлүгү ошондой илимий таанымдык кызыкчылык жараткан инсандардын бири Кыргыз Эл мугалими, КРУИАнын корр.–мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Исак Бекбоев. Кыргыз адабияты дегенде эсибизге обол Ч. Айтматов келгендей кыргыз илимий педагогикасы дегенде эң биринчи пайда болуучу ассоциация бул И. Бекбоевдин ысмы. Исак Бекбоев өз доорунун улутунун улуу педагогу Кыргызстандын бүгүнкү тарыхындагы жандуу легендага айланган залкар инсан, улуттук педагогика илиминдеги монументалдуу фигура.

Бүгүнкү мугалимдер чөйрөсүндө тарабынан И. Бекбоевдин Ата Мекендик билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган илимий методикалык идеяларын үйрөнүүгө муктаждык бар, бирок анын көп кырдуу мурастарын ырааттуу изилдөө, таанытуу иши колго алына элек.

**III. Изилдөөнүн максаты:** И. Бекбоевдин илимий, педагогикалык-уюштуруучулук ишмердүүлүгүн ар тараптуу жана комплекстүү изилдөө аркылуу анын Кыргызстандагы педагогика илиминин өнүгүшүнө кошкон салымын айкындоо.

**IV. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз илимий педагогикасынын өнүгүш контекстинде И. Бекбоевдин педагог изилдөөчү катары калыптанышын ачып көрсөтүү.

2. И. Бекбоевдин Кыргызстанда математиканы окутуу методикасы илим тармагынын өнүгүшүндөгү ордун айкындоо.

3. И. Бекбоевдин эмгектериндеги жалпы педагогикалык жана дидактикалык идеяларды жана алардын Кыргыз мектептериндеги окутуу тарбиялоо ишин илимий-методикалык жактан камсыздоодогу тарыхый педагогикалык ордун ачып көрсөтүү.

4. И. Бекбоевдин илимий-педагогикалык, уюштуруучулук ишмердүүлүгүнүн Республикада педагогикалык илим жана практиканын өнүгүшүнө тийгизген таасирин айкындоо.

**V. Алынган натыйжалардын илимий маанилүүлүгү:** И. Бекбоевдин өмүр жолу жана педагог изилдөөчү катары калыптанышы кыргыз педагогика илиминин өнүгүш контекстинде биринчи жолу изилденди; И. Бекбоевдин республиканын мектептеринде математиканы окутуу методикасы боюнча изилдөөлөрүнүн илим менен практикадагы орду тарыхый педагогикалык аспектте ачылып көрсөтүлдү; И. Бекбоевдин эмгектериндеги жалпы педагогикалык жана дидактикалык маселелердин негизги багыттары, алардын илимий таанымдык жана практикалык мааниси айкындалды; И. Бекбоевдин уюштуруучулук, устаттык педагогикалык ишмердүүлүгүнүн Кыргызстанда педагогика илиминин жана окутуу тарбиялоо ишин илимий-методикалык жактан камсыздоо практикасынын өнүгүшүнө тийгизген таасири ачылып көрсөтүлдү.

**VI. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:** Изилдөөнүн натыйжалары төмөнкүдөй чөйрөлөрдө колдонулушу мүмкүн: Кыргызстанда педагогика илиминин өнүгүш тарыхын тактоодо айрыкча башка окумуштуу педагогдордун өмүр жолу менен илимий –педагогикалык чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөрдө; кыргыз мектептеринде математиканы окутуу жана окуу куралдарды даярдоо практикасында; мектеп мугалимдеринин кесиптик педагогикалык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү

багытындагы иш чараларда; университеттерде "Педагогиканын тарыхы", "Дидактика" жана "Математиканы окутуунун методикасы" дисциплиналарынын мазмунун өнүктүрүүдө.

**VII. Изденүүчүнүн жеке салымы:** Диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор И. Бекбоевдин мурастарын жана анын уюштуруучулук-педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган булактарды талдоонун негизинде диссертантттын өзү тарабынан жеке иштелип чыккан.

**VIII. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши:** авторефераттын мазмуну, түзүмү диссертациялык иштин мазмунуна, түзүмүнө дал келип, теманын актуалдуулугу, илимий жацылыгынын жыйынтыгы, практикалык баалуулугу жана жалпылоосу толук ачылган. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги түзүлгөн окшош резюмеси бар.

**IX. Диссертациялык иштин мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Авторефератта жана диссертациялык иште стилистикалык жана орфографиялык каталар кездешет.

2. Бүгүнкү мугалимдер чөйрөсүндө И. Бекбоевдин Ата Мекендик билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган илимий методикалык идеяларын үйрөнүүгө муктаждык бар, бирок анын көп кырдуу мурастарын ырааттуу изилдөө, таанытуу иши колго алынбаганына карабастан бул багытта жалпы жүргүзүлгөн изилдөөлөргө анализ толук берилбей калган.

3. Диссертациялык изилдөөнүн алкагында И. Бекбоевдин эмгектериндеги жалпы педагогикалык жана дидактикалык идеяларды жана алардын Кыргыз мектептериндеги окутуу тарбиялоо ишин илимий-методикалык жактан камсыздоодогу тарыхый педагогикалык ордун ачып көрсөтүү менен студенттин өз алдынча ишмердүүлүгүн аткаруу үчүн натыйжалуу методикалар сунушталган эмес жана конкреттүү иштелмелерди берсе жыйынтык мындан дагы ынанымдуу болмок.

Аталган кемчиликтер диссертациялык иштин жалпы мазмунуна доо кетире албайт.

**X. Диссертациялык ишти жалпы баалоо.** Кыдыралиева Айтикан Раимжановнанын "И. Бекбоевдин илимий жана педагогикалык-уюштуруучулук ишмердүүлүгү" аттуу темадагы 13.00.01 — жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасында талкууланып, жактырылды. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобонун" 10 пунктуна ылайык келет жана анын автору Кыдыралиева Айтикан Раимжановна педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Диссертациялык иш кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын катышуусу менен талкууланды (Токтом №2, 20-сентябрь 2022-жыл).

**С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучусу** Султаналиева Ш.К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ * ОТДЕЛ КАДРОВ * С.Нааматов атындагы НМУ 1996

**Катчы:** Канатбекова С.К.

Кол тамгасын тастыктаймын:
Заверяю 19.09.2022
НМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Начальник отдела кадров
Бабаева Н.М.